УДК 82-131
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-206-209

**КАЛЧАКЕЕВА А.К.**
Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети
**КАЛЧАКЕЕВА А.К.**
Джалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова
**KALCHAKEEVA A.**
Jalal-Abad State University named after B. Osmonov

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖЕР-СУУ АТТАРЫНЫН СҮРӨТТӨЛҮШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## ОСОБЕННОСТИ ОТРАЖЕНИЯ СОБЫТИЙ В ЭПОСЕ “МАНАС” ЧЕРЕЗ ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ НАЗВАНИЯ

## FEATURES OF THE REFLECTION OF EVENTS IN THE EPIC “MANAS” THROUGH GEOGRAPHICAL NAMES

**Кыскача мүнөздөмө:** Аталган илимий макалада С. Орозбаковдун вариантындагы “Чоң казат” бөлүмүндөгү жер-суу аттарынын берилиши, сыпатталышы тууралуу сөз болот. “Манас эпосундагы жер-суу аттарынын берилиши андагы сюжеттик, композициялык нуктун бекемделишин, такталышын ачыктайт. Себеби, Манастын сюжетиндеги окуялар географиялык аталыштар аркылуу аныкталат. Маселен “Көкөтайдын ашы”, “Каркыра” жайлоосунда өткөнүн дүйнөнүн төрт бурчу жадыбалдай билет. Ошондуктан, ар бир окуянын сүрөттөлүшү, ар бир бөлүмдөгү сыпатталып жаткан темасынын чечилишин шарттайт. Окуялардын өнүгүшүндө албетте, урук, уруу, эл, улут, ата-тек жана этникалык-генетикалык топтордун карым-катышын да, мааниси бар. С. Орозбаковдун вариантында 115 этноним катышканын көрөбүз. Мында 5 кыргыз элине, 55 түрк элдерине, 22 моңгол тилдүү элдерге, 19 кытайларга, 3 перстерге, 2 христианга, 3 Европа, 1 жапондорго тиешелүү экени аныкталган. Макалада мына ушул маселелерге “Чон казаттын” мисалында мүнөздөмөлөр берилди.

**Аннотация:** В данной научной статье рассматривается описание перевода топонимов в разделе «Чон Казат» в версии С. Орозбакова. Изложение топонимов в эпосе «Манас» свидетельствует об усилении и уточнении сюжетно-композиционного смысла в нём. Это связано с тем, что события в сюжете «Манаса» определяются географическими названиями. Например, четыре стороны света означают, что «трапеза Кокотая» и пастбища «Каркыра» происходили, подобно столу. Поэтому описание каждого события определяет темы, излагаемые в каждом разделе. Конечно, взаимодействие родов, племён, народов, наций, предков и этногенетических групп также играет свою роль в развитии событий. В версии С. Орозбакова видим, что задействовано 115 этнонимов. Установлено, что 5 из них принадлежат к кыргызам, 55 – к тюркам, 22 – к монголоязычным народам, 19 – к китайцам, 3 – к персам, 2 – к христианам, 3 – к европейцам и 1 – к японцам. В статье дана характеристика этих вопросов на примере «Чон Казат».

**Abstract:** The named scientific article describes the origin of the names of land and water in “Chon Kazat" in the version of S. Orozbakov. "The naming of lands and waters in the epic Manas 2 reveals the strengthening, clarification of the plot, compositional point in it. This is because the events in the plot of Manas are determined by geographical names. For example, in the pasture ”Koketai ashy“, ”Karkyra", etc. the four corners of the world know each other. Therefore, the description of each story determines the solution of the described topic in each chapter. Of course, the ratio of clans, tribes, peoples, ethnic, genealogical and ethnic-genetic groups is also important in the development of events. In variant S. Orozbakov, we see the participation of 115 ethnonyms. At the same time, it was found that 5 belong to the Kyrgyz people, 55-to the Turkic, 22-to the Mongolian, 19-to Chinese, 3-to Persian, 2-to Christian, 3-to European, 1-to Japanese. The article describes these issues using the example of the “Chon Kazat".

**Негизги сөздөр:** «Манас» эпосу; «Чоң казат» С. Орозбаковдун вариантында; топонимдер; этнонимдер; Нарын; Сары-Көл; Алай; Жумгал; Алты-Шаар; Эски-Кемин; Суусамыр; Чатыр-Көл.

**Ключевые слова:** эпос “Манас”; «Чон Казат» в версии С. Орозбакова; топонимы; этнонимы; Нарын; Сары-Көл; Алай; Жумгал; Алты-Шаар; Эски-Кемин; Суусамыр; Чатыр-Көл.

**Keywords:** epic “Manas”; “Chon Kazat” in the version by S. Orozbakov; toponyms; ethnonyms; Naryn; Sary-Kul; Alai; Zhumgal; Alty-shar; Eski-Kemin; Suusamyr; Chatyr-Kul.

“Манас”эпосу кыргыз элинин рухий байлыгы.Улуу кыргыз элинин басып өткөн жолу, тарыхы, үрп адаты, санжырасы, этнопедогогикасы, элдик философиясы бүтүндөй эпосто көп кырдуу чагылдырылган.

«Манас» эпосунун кайсы бөлүмүн албайлы, окуянын сюжети жана композициясындагы сүрөттөлөрдө манасчылар ошол окуялардын кайсы жерде өнүгүп жатканына өзгөчө маани берет. Мисалы “Чоң казат” бөлүмүндөгү окуялардын кайсыл жерден башталып, кайсы жер аталыштарын өз ичине камтыганын улуу Манасчы Сагынбай Орозбаковдун сыпааттамаларынан көрөбүз. Албетте, даңазалуу жети хандын окуясы, алардын шер Манаска кутум уюштуруусу, айрыкча, Көкөтайдын ашы уруштун чыгышына жол ачат. Сагынбай Орозбаковдун варианттында согуштук окуяларды, баатырлардын портреттерин абдан таасирдүү сүрөттөйт. Айрыкча эпостогу жер –суулардын айтышы боюнча сөз кылууга арзыйт, “Чоң казат” бөлүмүндө көптөгөн хандардын кырдаалга карата чыныгы жүзү ачылганын билебиз. “Жети кан куралып, Манаска кылмак болуп кеңешкени” деген бөлүмдөн башталат. Жети кан кайсы элдин башчылары, жердеген жери бөлүмдө өзгөчө мүнөздөлөт, мисалы:

Төштүктүн жерине келди,
Дөгөөн кыпчак элине келди.
Балыктын башы,
Алайдын асты,
Аңырдын сазы,
Кейүүнүн бою,
Сары-Колдун ою. [1, 9-б.]

**Эр Төштүк** – Манастагы эң көөнө образдарынын бири. Элемандын тогуз уулунун эң кенжеси. Төштүккө «Манас» эпосунун бардык варианттарында «Элемандын эркеси, Кудайдын сүйгөн бендеси», Тогуз уулдун кенжеси» деген туруктуу эпикалык формула кеңири колдонулат. Төштүк кыпчак уруусунун башчысы экендиги айтылат. Кыпчак уруулары жөнүндөгү алгачкы маалыматтар кытай жыл баяндамаларынан кездешет. Анда (биздин заманга чейин 201-жылы) хунндар багындырган жана алардын мамлекетинин курамына кирген «кюсше» аттуу (кытай транскрипциясында) журт катары баяндалат. Айрым булактарда «кюс-ше», «кин-ча», «хи-би-са» аталыштар менен да кезигет. баяндалат. Махмуд Кашгари кыпчактарды кыргыз, огуз, тухси, ягма, чигил жана чаруктардай эле таза түрк тилинде сүйлөгөнүн белгилейт.

**Музбурчак** – «Тажиктен чыккан Музбурчак» [2, с. 185, 382] делип, кан, баатыр катары аталат. «Жоо жарагы бир кучак, Буудайык кандын Музбурчак» деген туруктуу эпитет менен айтылып, эпостогу белгилүү баатырлардын бири катары сүрөттөлөт. Чоң казатта окко учат. Жамгырчы каарман, уруу башчы кандардын бири. Көпчүлүк учурда эштектердин Жамгырчы делип туруктуу эпитет менен айтылат. Эштек аттуу урууну ичине камтыган бас деген журттун каны, кол башчысы, баатыры катары баяндалат: "Эштектердин Жамгырчы, Бас журтунда бу бир кан". [3, с. 61] Жамгырчы борборунда турган атайын эпикалык сюжет жок. Түрк урууларынын биримдиги, биргелеш өткөргөн жыйындары же казаттары баяндалган эпизоддордун бардыгында Ж. уруу башчы катары көрсөтүлөт. Жамгырчы – Манаска каршы кутум уюштурган жети кандын бири, күүлөнүп барып, Манастын сүрүн көргөндө аны менен басташмакчы болгон максатынан кайра тарткан хандардын эң алдыңкысы:

Каршы келген Жамгырчы
Каарына тура албай... [4, с. 25]

**Жамгырчы** – каарман, уруу башчы кандардын бири. Көпчүлүк учурда эштектердин Жамгырчы делип туруктуу эпитет менен айтылат. Эштек аттуу урууну ичине камтыган бас деген журттун каны, кол башчысы, баатыры катары баяндалат: "Эштектердин Жамгырчы, Бас журтунда бу бир кан". [4, с. 61] Жамгырчы борборунда турган атайын эпикалык сюжет жок. Түрк урууларынын биримдиги, биргелеш өткөргөн жыйындары же казаттары баяндалган эпизоддордун бардыгында Ж. уруу башчы катары көрсөтүлөт. Жамгырчы – Манаска каршы кутум уюштурган жети кандын бири, күүлөнүп барып, Манастын сүрүн көргөндө аны менен басташмакчы болгон максатынан кайра тарткан кандардын эң алдыңкысы:

Каршы келген Жамгырчы
Каарына тура албай...
Улук эрди көргөндө
Учуп түштү атынан,
Кол куушуруп боoруна. [5, 25-30-бб.]

**Үрбү** – "Манас" эпосунун каарманы, белгилүү баатырлардын бири, уруу башчысы, тору (Тору айгыр) кыпчак каны. Үрбү эпостун негизги варианттарынын бардыгында

айтылып, кыргыз уруу кандарынын катарында дайыма аты аталат. Көпчүлүк манасчылар Үрбүнү кара тилдүү, тилге жүйрүк, кара жаак өңдүү метафоралык салыштыруу менен чечендигин баса белгилешет. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Үрбүнүн атасы Таз да чечен адам болот. Үрбү Манас менен чогуу жүрүп, Чүйдү баскынчы душмандардан бошоткон согуштарга катышып, Акунбешим пааша менен болгон урушта жекеге чыгып, кытайдын Мөңдү-Чебең аттуу балбанын жекеде жеңет. Кеминди бийлеп турган, Манастын колу менен болгон Согушта өлгөн Кеймен шаанын кызы Ойсалкынга үйлөнүп, "Тору кыпчак Үрбүсү" Кеминди жердеп калат. Манасчылар ар дайым анын жакшы сапаттарын көрсөтүү менен "кылымга чечен үлгүлүү, кыпчактардын Үрбүсү", "Эки Кемин жайлаган, эгиз кара ат байлаган" – деп, өзүнө гана таандык сапаттарын өзгөчө белгилеп оң баа берип сүрөттөшөт.

**Санжыбек**, Сынжыбек, Сынчыбек – "Манас" эпосунун каарманы. Манаска талапташ белгилүү кандардын бири. Эпосто бирде Самаркандын, бирде Кокондун, көпчүлүк учурда Анжыяндын каны делип, жалпысынан алганда өзбек элинин каны катары сүрөттөлөт. Көпчүлүк эпизоддордо башкалар менен катар аты аталат, Чоң казатта өзүнчө кол баштап келип, Манаска кошулган кандардын бири.

**Көкчө** – «Манас» эпосундагы негизги каармандардын бири. Казактардын каны, белгилүү баатыр. Сагымбай Орозбаков вариантында Көкчө эпостун сюжетинде дээрлик башынан аягына чейин катышат. Атасы Айдарканды ээрчип жүрүп, эл-журтун душмандардан коргоого активдүү катышып, жоодон тартынбай нечен жолу жекеге чыгып, баатырдык көрсөтөт. "Манас" эпосунда Көкчөнүн баатырдыгы башка каармандар менен тең катар бааланат. Сагымбайдын айтуусунда Көкчө Манаска келип кошулуп, өзүнүн биринчи эрдигин кытай баатыры Нескара менен болгон согушта көрсөтөт. Ошентип, Манаска элчи жиберүүнү көздөп, Эр Төштүк, Эштектердин Жамгырчы, казактардын Көкчөсү, кара тоок Үрбү, анжиандан Санжыбек, буудайыктан Музбурчак ж.б. бирден жигит тандашып элчи катары таарынычтарын билдирүү максатында Манаска жиберет

Кылычын кыя байланып,
Кыйша-Тоо сеңирин
Кыдырып өтүп айланып,
Кейүүнү кечип алганы,
Тобокел жолго салганы.
Намуттун чөлүн сыдырып,
Кытмырдын боюн кыдырып,
Чакмактын белин ашыптыр,
басыптыр.
Арадан Нарын кечкени,
Жумгал өтүп сыдырып,
Суусамырлап Чатыр-Көлдү кыдырып. [6, 89-б.]

Жогорудагы ыр саптарда жерлердин энчилүү аттарын кезиктиребиз кээ бири Кыргызстандын аймагында, кээ бири Орто Азия чөлкөмүндөгү жерлердин энчилүү аталышы. Эпосто 20-30 ирет кайталанып айтылат. Негизги максат эпостогу айтылган жер суу аттары боюнча кеңири маалымат берип жер-суу аттарына назар салсак: Кыйша-Тоо – жогорудагы алты кандын Манаска жиберген элчилери басып өткөн жер: географиялык реалияда Кашкар аймагындагы тоо.

**Намуттун чөлү** – алты кандын элчилери басып өткөн жер катары сүрөттөлөт. Жаркен (Оргент**)** – чыгыш Түркстандагы шаар азыркы Кытай Эл Республикасынын Синь-Цзянь чөлкөмүнө карайт. Кашкар – "Манас" эпосунда кезиккен топоним. Кыргыздарга коңшу отурукташкан эл жашаган белгилүү чоң шаар жана айланасындагы аймак катары эпосто кеңири кездешет. Географиялык реалияда Кашкар Чыгыш Түркстанда, Синьцзян-Уйгур автономиялык облусунун түштүк-батышында, Кызыл-Суунун жайылмасында жайгашкан шаар. Кашкар шаарында азыркы убакта да көптөгөн түрк элдеринин өкүлдөрү жашайт.

**Чакмак** – элчилер басып өткөн жолдогу бел. Эпос боюнча Кашгар менен Чатыр-Көлдүн ортосунда жайгашкан.

**Нарын**, Нарин, Нарынгол – Эпостун негизги варианттарында кыргыздар эзелтен мекендеп келген жерлердин бири катары айтылат. Тарыхта түрдүү ат менен белгилүү. Нарынга байланыштуу атоолор Моңголия, Казакстан, Орто Азия, жана башкалар жерлерде кезигет. Географиялык реалияда Кыргызстандагы эң ири дарыя, өрөөн, Ала-Тоонун ичкери жагында Нарын дарыясын бойлоп созулуп жаткан кырка тоо.

**Алты-Шаар** – Шаарлардын санына карата (Ак-Суу, Жаркен, Кашкар, Котон, Жаңы-Гисар (Жаңы-Шаар) Үч-Турпан) 18-кылымда пайда болгон реалдуу географиялык ат. Эпостун негизги варианттарында ошол реалдуу өлкө жөнүндөгү түшүнүктө айтылат.

Мисалы, Манаска каршы аттанган алты кандын бири Жамгырчынын эли (колу) « Алты-Шаар уйгуру» [7; 4, 47-б.], – деп аталат. Кээде Чет-Бээжин деген эпикалык топонимге синонимдеш «Алты-Шаар Чет-Бээжин» катары да учурайт.

Өз жигиттеринен Манастын салтанатын, күчүн уккан жети кандын шаштысы кетип, Төштүк кандарды тилдеп, үйлөрүңөргө кайтып, кол жыйып, Манастын каарына калбай айткан мөөнөтүңдө баргыла! – деп тоюн таратат. Болжогон күнү Манас, кандардын келер жолун күтүп калат. Биринчи жети жүз миң колун баштап Жамгырчы келди. Жыйган колуң аз экен, көп эл менен келер деп сенден үмүттөндүм эле – деп, Манас Жамгырчыны кекээрледи. Келген колду бүт Бакай конокко алды. Экинчи болуп келген Төштүк Манас менен атчан учурашты. Төштүктүн колун Алмамбет конокко алды. Үчүнчү келген Үрбүнүн колун бирин койбой Серек ээрчитип кетти. Көкчөнүн колун Сыргак, Санжыбектин кошуунун Ажыбай, Чалыбай, Кутунай үчөө бөлүп алышты. Алты кандын арты болуп Музбурчак келип, анын колун Чубак, Кыргыл баш болгон чоролор четинен бөлүп кетип, он эки чорого конок жетпей калып, кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болмой болдук, мындай аз келерин билгенде мурдатан озунуп конок бөлүп кетсек болмок экен дешип, даттанып Манаска барышты. Ал өзүнө да конок жетпей калганын айтып, аларды ээрчитип алып конок күтүп жаткандарды кыдырып: отуз-кыркка көнүп бер, эч болбосо ончактылап бөлүп бер – деп кадыр салып жүрүп куру калгандарга бир нече жүздөн конок үлөштүрүп берди.

Андан ары окуя. Конок болгон элди кандарын баш кылып чакыртып келип, Манас алардын келген жөнүн сураса кара эл түгүл кандардын бири чыгып мындай жумуш менен келдик дебеди. Кандардан жооп болбогон соң Манас мынча кошуун даярданып келиптир, жөн эле кайра тарап кетпей мурдатан берки өчмөндүү жообуз Коңурбайга казат кылалы, буга кандай дейсиңер? – деди эле корккон кандар барбайбыз деп айта албай макулдугун билдиришти. Манастын сунушу менен Бакай колго кан шайланды. Бээжинди билген, жолун көргөн башка киши жок болгондуктан жол бийлиги Алмамбетке берилди. Элди жай-жайына таратып, Манас ордосуна кайтып, Ажыбай менен Чалыбайга Бээжинге баргысы келбегендер үйүнө кайтууга уруксат деп жар чакыртты. Жарчылардан кабар уккан эл ирип, үйлөрүнө кайтмак болуп камдана башташты.

Мисалдардан көрүнүп тургандай С Орозбаковдун вариантынын “Чоң казат” бөлүмүнүндөгү жер суу аттарынын окуялардын сүрөттөлүшүндөгү айрым өзгөчөлүктөрү конкреттүү талданды. Андыктан эпостогу жер суу аттарына байланышкан изилденүүчү маселелердин баарын бир макала менен берүү мүмкүн эмес. Бул өзүнчө чоң изилдөө. Ошондуктан аталган изилдөөлөрдүн учу уланат деп ойлоймун.

**Колдонулган адабияттар**

1. Манас (С. Орозбаковдун варианты). – 4-китеп. – Фрунзе, 1978-81, 9-б.
2. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко- культурные связи. – Фрунзе: “Илим”, 1990, 480 с.
3. Калчекеев К.Б., Шерипбаев А., Келдибаева Р. Текст “Эр Табылды” эпосунун сюжеттик өзгөчөлүктөрү // ЖАМУнун Жарчысы, 2021, № 3, с.78-114.
4. Караев О.К. Чагатайский улус. Государство Хайду. Моголистан. – Бишкек: ”Кыргызстан”, 1985, 160 с.
5. Каратаев О.К. Бөрү уруусунун келип чыгышынын тарыхый-этнографиялык негиздери. – Бишкек: “Улуу тоолор”, 2021, 618-б.
6. “Манас”. Энциклопедия. I-II томдору. – Бишкек: “Кыргызстан”, 1995, 700-б.
7. Манас (С. Орозбаковдун варианты). 4-китеп. – Фрунзе,1978-81, 9-б.
8. Манас (С. Орозбаковдун варианты). 4-китеп. – Фрунзе, 1984, 649-б.
9. Семетей (С. Каралаевдин варианты). 1-2 китеп. – Фрунзе, 1987.
10. Манастын сюжеттик тематикалык көрсөткүчү. – Бишкек, 2017; 2014, 508-б.

**Рецензент: филолог.и.к., доцент Исаева С.**